**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**

**"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**15-январь 2025-жыл № 10** **Совет айылы**

**"Дизайн код" боюнча жобону бекитүү жөнүндө.**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 14.01.2025-жылдагы № 01-17/19 сандуу катындагы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, Курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агентигинин 03.12.2024-жылдагы № 24 протоколдук тапшырмасындагы "Дизайн код" боюнча жобону бекитүү максатында, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү III-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагынын борборун, башкы көчөлөрүнүн инфраструктурасын ондоо, көрнөк жарнактарды туура орнотуу, үйлөрдү жана коммерциялык объектерди долбоордогу иш кагаздарына ылайык куруу, иретке келтирүү үчүн "Дизайн код" боюнча жобону бекитүү жагы жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**